ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар Кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№4 ПРОТОКОЛУ**

*28-декабрь, 2018-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова
*Катышкандар*: Окумуштуулар Кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 33 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*

1. 2018-жылдагы факультеттеги илимий-методикалык изилдөө иштеринин жыйынтыгы жана келечектеги милдеттер (баяндамачы: доцент Н. Беделова);
2. Программалоо кафедрасындагы окуу-методикалык, илимий тарбиялык иштердин жүрүшүнүн абалы жана алдыдагы милдеттер (баяндамачылар: комиссиянын төрагасы профессор Д. Турсунов);
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге ар бир программа жетекчилерине 7-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдooого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
МИТ факультетинин илимий иштери боюнча декандын орун басары, доцент Н.С. Беделова тарабынан 2018-жылдык илимий отчету угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* бул жерде биздин күчтүү жактарыбыз көп болуп жатат, күчтүү жактар менен коркунучтарды кантип жоюга болот?
*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: Ар бир адистик боюнча беш-алты илимий журналдарга катталуубуз зарыл. Илимий-изилдөө семинарларына, илимий-методикалык семинарларга катышуу керек. Отчетту канааттандырарлык деп белгисе болот.
*А.Д.Аттокурова (МИОМ жана ББМ кафедрасынын башчысы, доцент)*: доклад өтө мазмундуу болду. Н. Беделова факультеттин илимий-изилдөө иштерин бир топ активдештирип, алдыга жылдырып жатат. Жалпысынан жасаган баяндамасы канааттандырарлык деп эсептейм.

*А.Ч.Омаралиев (ИТАС кафедрасынын доценти)*: Отчетту канааттандырарлык деп баалайм. Эгерде факультеттин жалпы көрсөткүчү-40% болсо, бул коркунучка кирбейт. Отчетту кыскача презентация кылып жасаса жакшы болот эле.

*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* магистрантардын илимий-изилдөө иштерин баалоо үчүн кандайдыр бир стандартты иштеп чыгуу керек деп эсептейм. Студенттердин жана магистранттардын макалалары журналдарга бекер чыкса жакшы болот эле. Отчетту канааттандырарлык деп эсептейм.

*Д.А. Турсунов (Информатика кафедрасынын профессору):"*scopus" жана "web of science" сайттарына катталуу бул негизги эмес. Биз макала жазууну үйрөнүүбүз керек. Ал үчүн илимий семинарларды күчөтүү керек. Отчетту канааттандырарлык деп эсептейм.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. МИТ факультетинде 2018-жыл үчүн илимий-изилдөө иштердин жыйынтыктарынын отчету боюнча Н.С. Беделованын баяндамасы жактырылсын жана отчету канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Кафедраларда илимий-методикалык семинарларды, конференцияларды өткөрүү күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);
3. Студенттерди аймактык, эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);
4. Студенттерди макала жазууга, конференцияларга катыштырууга жана долбоорлор менен иштөөгө үйрөтүү үчүн ар бир окутуучу жакындан жардам берүүсү милдеттендирилсин (жооптуулар: кафедра башчылары);
5. Факультеттин мүчөлөрүнүн "Web of science, Scopus" системаларын жогорку деңгээлде пайдаланылышы күчөтүлсүн;
6. Отчет боюнча чыгарылган "Swot" анализ факультеттин стратегиялык планында эске алынсын;
7. ОшМУнун 80 жылдыгына байланыштуу илимий конференция өткөрүү;
8. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын илимий иштери боюнча орун басары Н.С. Беделовага жүктөлсүн.

**2-маселе**
**Угулду:**

Экинчи маселе боюнча математика жана информациялык технологиялар факультетинин «Программалоо» кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерүү боюнча комиссиянын төрагасы профессор Д. Турсунов билдирүү жасады (сравка тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**

*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* Программалоо кафедрасы факультеттин негизги кафедраларынын бири. Ал жерде документация иштери бир топ жакшы болсо керек. Билдирүүнү канааттандырарлык деп эсептейм.

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: Иш бар жерде кемчиликтер сөзсүз болот деп эмептейм. Биздин кафедранын абалын жакшылып текшерип бергендиги үчүн Д. Турсунов ыраазычылык билдирем.
*Баяндамачы:* бир аз убакыт жетпей калды, себеби модул учуруна туш болуп калдык.

Комиссия Математика жана информациялык технологиялар факультетинин «Программалоо» кафедрасындагы окуу-усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүргүзүлүшүнүн абалын текшерип, төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Комиссиянын программалоо кафедрасынын окуу-усулдук, илим-изилдөө жана тарбиялык иштеринин абалы боюнча берген билдирүүсү эске алынсын;
2. Программалоо кафедрасынын аккредитацияга даярдык боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери башка кафедраларга жайылтылсын;
3. Текшерүү убагында байкалган кемчилдиктерди жоюу кафедра башчысына жүктөлсүн;
4. Кафедранын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу иши улантылсын;
5. Кафедранын жаш окутуучуларына университет тарабынан уюштурулуп жаткан түрдүү багыттагы илимий жана методикалык семинарларга катышуусу милдеттендирилсин;
6. Чечимдин аткарылышы факультеттин деканынын окуу иштери боюнча орун басары А. Кудуевге жүктөлсүн.

**3-маселе**

**Ар түрдүү маселелер:**

а) ИТАС кафедрасынын доценти Атырова Рахат Сулаймановнаны квалификациясын жогорулатуу максатында 2019-жылдын 28-январынан 24-мартка чейин Индия мамлекетинин Мумбаи шаарындагы Center for Excellence in Telecom Technology And Management университетине өтүлүүчү “Web Designing, Database and Networking” аттуу курсуна сунуштоо.

МИТ факультетинин деканы, доцент У.А. Сопуевдин билдирүүсү:

Бул маселе 2018-жылдын 24-декабрында ИТАС кафедрасынын №4 кеңешмесинде каралып, кафедра мүчөлөрү тарабынан талкуулангандыгы жөнүндө билдирүү келип түшкөн. Рахат Сулаймановна Индия мамлекетине барып, факультет үчүн бир топ жакшы маалыматтарды алып келет деп ишенебиз. “Web Designing, Database and Networking” аттуу курсуна катышып, квалификациясын жогорулатып келүү үчүн уруксат берүү жөнүндөгү сунушту киргизем.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

1. ИТАС кафедрасынын доценти Атырова Рахат Сулаймановнаны квалификациясын жогорулатуу максатында 2019-жылдын 28-январынан 24-мартка чейин Индия мамлекетинин Мумбаи шаарындагы Center for Excellence in Telecom Technology And Management университетине өтүлүүчү “Web Designing, Database and Networking” аттуу курсуна айлык акысы сакталуу менен барууга сунуштоо.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетининдеги математиканы, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын профессору, Билим берүүнүн сапаты жана аккредитация департаментинин директору Алтыбаева Мейликан “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери” наамы менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндө.

**Угулду:** МИТ факультетинин деканы ф.-м.и.к., доцент У.А. Сопуевдин билдирүүсү: М.А. Алтыбаева эл аралык билим берүү мейкиндигине толук кандуу кирүүгө аракеттенип, көп жетишкендиктерге ээ болгон. Ошол себептен, Мейликан Алтыбаеваны “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери” наамы менен сыйлоого сунуштайм жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.

*К.А. Алымкулов (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору):*

М. Алтыбаеваны “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек синирген кызматкери” наамы менен сыйлоого көрсөтүүнү колдоймун. Себеби эжеке билим берүү жана илим тармагында көп эмгек жасады. Ар бир лекциялык, лабораториялык сабактары жогору илимий деңгээлде, көрсөтмөлүү жана студенттерге жеткиликтүү даражада өтөт. Ал - тынымсыз чыгармачыл изденүү менен иштеген инсан. Анын 50дөн ашуун илимий макалалары, 1 автореферат, 14 окуу китептери жана колдонмолору жарык көргөн. Кафедранын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, илимий потенциалды жогорулатууда эжекенин эмгеги зор. Эжекенин өзүнүн илимий потенциалы, адамдык касиети өтө жогору.

*М.Ш. Мамаюсупов (Жогорку математика кафедрасынын доценти):* сабактары көргөзмөлүү, илимий жактан терең жана практикалык мааниге ээ. Эмгек жамаатынын ынтымактыгына кеңүл буруп жана студенттердин жашоосуна, окуусуна жана илимий иштерине демократиялык принциптерди киргизип иштейт. Эжекенин демилгеси менен түштүк региондор муктаж болгон адистиктер ачылган: “Билим берүүдөгү менеджмент” магистрдик программасынын программа жетекчиси. Мен да М.Алтыбаеваны “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери” наамы менен сыйланууга татыктуу деп эсептейм.

Факультеттин Окумуштуулар Кеңеши бул маселени талкуулап, төмөнкү чечимди бир добуштан кабыл алды.

**ЧЕЧИМ:**

**1.** Ош мамлекеттик университетинин математиканы, информатиканы окутуу технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын профессору, Билим берүүнүн сапаты жана аккредитация департаментинин директору Алтыбаева Мейликан “Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн эмгек сиңирген кызматкери” наамы менен сыйланууга көрсөтүлсүн.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар Кеңешинин

төрагасы: Сопуев А.У.

Окумуштуу катчы: Абдирайимова Н.А.